**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш К12.17.549

Кол жазма укугунда
**УДК:*340(575.2)(043.3)***

**БАЙГАЗИЕВА ДАМИРА МАМЫТКАНОВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН АДАТ УКУГУ БОЮНЧА МҮЛК МАМИЛЕЛЕРИН ЖӨНГӨ САЛУУ

12.00.01 – мамлекет менен укук теориясы жана тарыхы, укук менен мамлекет жөнүндө окуунун тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга диссертациянын авторефераты

**ОШ– 2017**

Эмгек Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридика факультетинин Мамлекет менен укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетектичи:** Юридика илимдеринин доктору, профессор **Борубашов Бекбосун Ишенбекович**

**Расмий оппоненттер:** Юридика илимдеринин доктору, профессор **Баетов Аяз Батыркулович**

Юридика илимдеринин кандидаты, доцент **Матисакова Зульфия Усоновна**

**Жетектеген уюм:** Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин Мамлекет менен укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы

Диссертация 2018-жылдын 1-февралында саат 10-00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүндө, Кыргызстан эл аралык университетинде жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинде юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга диссертацияны коргоо боюнча К.12.17.549 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Кыргыз Республикасы, 723500, Ош, А. Каримов көчөсү, 221, Кичи жыйындар залы (1-кабат).

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн илимий китепканасынан таанышууга болот: Дареги: 723500, Ош шаары, А.Каримов көчөсү, 31. Эл. дареги: www.iuk.kg.

Автореферат 2017-жылдын «__» ____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
илимий катчысы
юридика илимдеринин кандидаты, доцент Н. Ш. Колсариева

# ЭМГЕКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Азыркы укук илиминдеги негизги милдеттердин бири болуп, тигил же бул укук процесстерин жана кубулуштарын түшүндүрүүгө, алардын укук системасында жана жалпы эле коомчулукта ээлеген ордун талдоого мүмкүндүк берген теориялык концепцияларды иштеп чыгуу эсептелет. Мурдатан бери жана азыркы учурга чейин юридика илиминде талкууларды жаратып келген маселелердин бири бул, коомдо мүлк мамилелерин жөнгө салуу болуп келген. Бул тема көптөгөн азыркы изилдөөчүлөрдүн да көңүлүн өзүнө бурат, мындай кызыгуу артуунун өзүн бул жерде илимдин эле эмес, укук колдонуу практикасынын да кызыкчылыгы бар экендиги менен шартталган.

Бүгүнкү күнгө чейин атайын тарыхый-укуктук илимий изилдөөнүн объектисинен жана предметинен болбогон кыргыздардын адат укугу боюнча мүлк мамилелерин изилдөө жана талдап-иликтөө маселеси азыркы учурда өзгөчө актуалдуулукту жаратууда. Азыркы жарандык мыйзамдарындагы сапаттуу өзгөрүүлөр дагы коомчулуктагы салттуу мүлк мамилелерин жөнгө салуудагы жетишкен тажрыйбаларды эске алуу менен өзгөрүүсү зарыл деп болжолдонот.

Бул маселе Кыргызстан үчүн да актуалдуу, себеби адат укугунун ченемдери коомдук мамилелердин көптөгөн чөйрөлөрүндө бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. Мындан тышкары, рынок экономикасы жана диспозитивдүү башталыштагы укук мамилелерин жөнгө салуу механизмин күчөтүү шартында адат укугунун ролу жогорулаган. Мында ишкердик иши чөйрөсүндө колдонулуучу иш алып баруу адаттары, эл аралык соода адаттары, жергиликтүү жана улуттук адаттар тууралуу сөз болуп жатат.

Аны менен катар, тарыхый тажрыйбасын үйрөнүүсүз укук көйгөйлөрүн теориялык жактан ийгиликтүү иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Ушул көз караштан алып караганда, кыргыз укук системасында мурдатан өнүгүп жана колдонулуп келген адат укуктарынын ченемдерин изилдөө чоң мааниге ээ. Изилдөө объектиси катары мамлекеттик укук колдонулуп турган учурда дагы укуктун расмий булагы катары таанылган жана жергиликтүү чөйрөдө коомдук мамилелерди жөнгө салуу жагында алдыңкылардан болгон кыргыз элинин адат укугун изилдөө кыйла кызыгууну жаратат.

Кыргыз элинин турмушун жөнгө салган алардын ченемдик системасын изилдөө чоң илимий мааниге ээ. Кыргыздардын адат укугу өзүнө муундан муунга өтүп, көптөгөн кылымдар бою тажрыйбаларды өзүнө сиңирип сактап келген укуктук аң-сезимди айкын чагылдырып келет. Мындай укук улантуучулук азыр да сакталган, бул азыркы укук системасында өзүнүн башталышын элдик адат укуктардан алып келген айрым институттардын бар экендигин менен тастыкталат. Кыргыз коомчулугунун салттуу турмушун аныктап келген адат-укук ченемдерине комплекстүү жана тыкыр талдоо

жүргүзүү кыргыздардын укуктук жактан жетишээрлик жогорку деңгээлде өнүккөндүгү аныктоого мүмкүндүк берет.

Аны менен катар, мүлк мамилелерин жөнгө салуу боюнча кыргыз элинин элдик адат укугу толук изилдене электигин белгилеп кетүү зарыл. Кыргызстандын укук системасынын калыптануу жана өнүгүү шартында кыргыз элинин тарыхый жана укуктук мурастарын терең изилдөө болуп, мамлекеттик саясаттын жалпы концепциясына туура келген жана өз мезгилине жооп берген – элдик үрп-адаттар менен салттарды колдоо болуп саналат.

Автор мүлк мамилелери боюнча кыргыздардын адат укугунун айрым ченемдери менен принциптеринин өздөштүрүлүп алынуу мүмкүнчүлүгүн да изилдөөгө аракет жасаган, бул азыркы укук илиминин милдетинен болгон адат укугунун доктринасын иштеп чыгуу жана аны колдонуу чектерин аныктоо болушу зарыл экендиги менен түшүндүрөт.

Адат укугунун ченемдери менен жөнгө салынган кыргыздардын мүлк мамилелерин тарыхый-укуктук комплекстүү изилдөөнүн актуалдуулугу мүлк мамилелерин иш алып баруунун адаты катары жөнгө салууда кыргыздардын адат укугунун ченемдерин колдонууну илимий-теориялык жактан негиздөө зарылдыгы менен шартталган. Укуктун тарыхый укук улантуучулук менен камсыз болушу жалпы адамзат цивилизациясында эрежелердин кайра жаралышынын, азыркы мамлекетте экономикалык жана чарба иштерин ишке ашыруунун бир факторунан болуп саналат.

Аталган жагдайлар диссертациялык изилдөө эмгегиндеги көйгөйлөрдүн актуалдуулугун белгилеп, акыры барып азыркы изилдөө темасын тандоого түрткү болду. Мүлк мамилелерин жөнгө салган кыргыздардын адат укугун бир бүтүн комплекстүү изилдөөнү билдирген аталган диссертациялык эмгек мүлк мамилелерин изилдеп-үйрөнүүдөгү айрым бир боштуктарды белгилүү бир деңгээлде толуктоону жаратат.

**Изилдөө темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Бул изилдөө иши өздүк демилге менен жазылган.

**Диссертациялык эмгектин максаты жана милдети. Эмгектин максаты** болуп, мүлк мамилелерин жөнгө салган кыргыз элинин адат укугуна тиешелүү көйгөйлүү маселелердин маңызына жана мазмунуна комплекстүү тарыхый-укуктук изилдөө жүргүзүү эсептелет. Изилдөөнүн белгиленген максаты төмөнкү **милдеттерди** коюуну жана чечүүнү шарттаган:

- мүлк мамилелерин укуктук жөнгө салуунун предметин, методун жана маңызын кыргыздардын адат укугунун ченемдери боюнча аныктоо;
- мүлк мамилелеринин эволюциясын кыргыздардын адат укугу боюнча изилдөө, мезгилдерге бөлүү;
- мүлк мамилелерин коргоо маселесин жана кыргыздардын адат укугу боюнча жоопкерчилик алуу чараларын изилдөө;
- негизги түрлөрүн аныктоо менен кыргыздардын адат укугу боюнча буюм укуктарынын маңызын изилдөө;

- кыргыздардын адат укугу боюнча менчикке ээ болуу укугун кароо, менчиктин негизги жоболорун изилдөө;

- менчик укугун кыргыздардын адат укугу боюнча сатып алуунун, токтотуунун жана чектөөнүн негизги ыкмаларын аныктоо;

- милдеттенмелер жөнүндө жалпы жоболорду кыргыздардын адат укугу ичинде талдоо;

- кыргыздардын адат укугу боюнча келишим түзүү жана келишим түзүүсүз милдеттенмелердин негизги түрлөрүн көрсөтүү;

- кыргыздардын адат укугу боюнча келишим түзүүсүз милдеттенмелерди жөнгө салуу маселелерин карап чыгуу жана талдоо.

**Эмгектин илимий жаңылыгы** мүлк мамилелерин кыргыздардын адат укугу боюнча жөнгө салуунун тарыхый-укуктук аспектилерине комплекстүү изилдөө жүргүзүү жагында биринчи эмгектерден болуп санала тургандыгында камтылган. Көлөмдүү айкын материалдарды кошуп жана майда-чүйдөсүнө чейин талдап-иликтөө диссертантка кыргыздардын мүлк мамилелерин адат укугунун ченемдерине ылайык ачууга, мүлк мамилелери түшүнүгүнө кыргыздардын адат укугу боюнча автордун аныктама берүүсүнө мүмкүндүк берди. Автор айрым жоболорду тактоого жана мүлк мамилелеринин өнүгүшүнө тиешелүү корутундуларды чыгарууга, изилдеп жаткан көйгөй боюнча билимди кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берген адат-укук ченемдерине жана колдонуудагы мыйзам ченемдерине салыштырма талдоолорду жүргүзгөн.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары боюнча корутундулар менен сунуш-көрсөтмөлөр менчик укугу менен байланышкан, материалдык-укуктук жана процесстик маселелерди жөнгө салган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына балким өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө мүлк мамилелеринен келип чыккан жарандык иш боюнча сот ишинин практикасын жалпылаштырууда колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле, изилдөө ишинин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын мамлекет жана укук тарыхы, жарандык укук, мамлекет жана укук теориясы, мүлк мамилелеринин көйгөйлөрүн караган атайын курстарда окуу-методикалык китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Коргоого чыгарылып жаткан жоболор:**

1. Кыргыздардын адат укугу боюнча мүлк мамилелерине автордук аныктама берилген – *бул конкреттүү бир мүлктүн, иштердин натыйжасында же кызмат көрсөтүүнүн айланасында жаралуучу, кыргыздардын адат укугунун ченемдери менен бир иретке келтирилген, товар мүнөзүндөгү ар кандай материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарды өндүрүү, бөлүштүрүү, алмаштыруу жана керектөө боюнча индивиддер ортосунда түзүлгөн өз ара мамилелердин кеңири чөйрөсүн билдирген коомдук мамилелер.*

2. Кыргыздардын мүлк мамилелерин адат укугу менен жөнгө салуунун өнүгүшүнүн негизги баскычтарын мезгилдерге бөлүү иштелип чыккан, алар төмөнкү тарыхый мезгилдерге ажыратылган:

1-баскыч – байыркы мезгил жана орто кылым (б.э.ч. III к. – XVI к.); кыргыздарда феодалдык укук ченемдери менен жөнгө салынган, коомдун жогорку катмарынын кызыкчылыктарын коргогон мүлк мамилелеринин калыптанышы менен мүнөздөлөт;

2-баскыч –кыргыздар исламды кабыл алган мезгил (XVI-XIX кк.); шариаттын таасиринен улам жаралган мүлк мамилелерин жөнгө салуу жагында кыргыздардын адат укугунда олуттуу өзгөрүүлөр болгон баскыч.

3-баскыч – Россия империясынын курамына кирген мезгил (XIX-XX кк.); кыргыздардын мүлк мамилелери Россия империясынын мыйзамдарынын таасири астында өнүккөн.Ушуга байланыштуу Кыргызстанда жеке менчик кол тийбестиги принцибине таянган менчик укугу тез өнүккөн, мүлк белгилери боюнча айкын жана юридикалык теңсиздик жагында артыкчылыкка ээ жана артыкчылыкка ээ эмес катмарларга бөлүнгөн.

4-баскыч – совет мезгили (1917-1991 гг.); кыргыздардын адат укугу мүлк мамилелери чөйрөсүндө өзүнүн таасири бир аз гана сактаган. Мында бардык коомдук мамилелер, анын ичинде мүлк мамилелери совет мамлекети менен белгиленген бир калыпка салынган ченемдер боюнча жөнгө салынып турган.

5-баскыч - азыркы мезгил (1991-жылдан тартып –бүгүнкү күнгө чейин); мүлк мамилелерин жөнгө салган азыркы жарандык укукка кыргыздардын адат укугуна тиешелүү болгон ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, акыл-эстүүлүк сыяктуу адеп ченемдеринин башатын түзгөн ченемдер мүнөздүү.

3.Мүлк мамилелери чөйрөсү боюнча кыргыздардын адат укугунун ченемдерин талдоонун негизинде, кыргыздардын адат укугунун маанилүү бөлүгүн мүлк мамилелерин коргоонун ыкмалары менен укук формалары түзгөндүгү тууралуу тезис калыптанган жана негизделген.

4.Мүлк мамилелерин жөнгө салууда кыргыздардын адат укугунун ченемдеринин өзгөчөлүгүн шарттаган: кыргыздардын көчүп-конгон, уруу-уруу болуп бөлүнүп жашаган турмушу, уруу-уруу болуп жерге ээлик кылуу мамилелери түзгөндүгү тууралуу тезис аныкталып негизделген.

5. Кыргыздардын адат укугу менчик укугуна ээ болуунун баштапкы жана кийин пайда болгон ыкмалар ортосундагы айырмачылыктарды талкуулаган эмес, менчик укугуна ээ болуунун жана аны токтотуунун мүнөздүү ыкмаларын айырмалап көрсөткөн деген тезис далилденген, алардын айрымдары урууга жана улуу муунду урматтоо принциптерине негизделген.

6. Кыргыздардын адат укугу менен өнүккөндүгүн жана бир системага салынгандыгын далилдеген укук каражаттарын жана милдеттенмелерин камсыздоонун бир бүтүн системасы менен ыкмалары каралгандыгы аныкталган.

7. Кыргыз Республикасынын мүлк мамилелери чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыккан.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдында аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Диссертант жаңылык алып келген жана практикалык мааниге ээ жоболорду жеке өзү түзгөн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын жактыруу (апробация).** Диссертациялык эмгектин негизги жоболору менен жыйынтыктары автор тарабынан бир катар илимий форумдарда айтылып талкууланган, анын ичинде эл аралык конференциялар менен семинарларда: Эл аралык илимий-практикалык конференция «Эл аралык мамилелер чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын укук саясаты» (Ж.Баласагын ат. КУУ алдындагы Кыргыз-Кытай институту, 2012-ж.), Эл аралык илимий-теориялык конференция «Укук маданияты – Кыргыз Республикасындагы адамдын укугу жана эркиндиги» (Ж.Баласагын ат. КУУ, 2012-ж.). Кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөө жылына арналган жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференция (Кыргыз-Россия Славян университети, 2014-ж.), Улуу Ата-Мекендик согуштун жеңиш күнүнүн 70 жылдыгына арналган жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференция (Кыргыз-Россия Славян университети, 2015-ж.),Эл аралык илимий-практикалык конференция «Жаңы илим: азыркы абал жана өнүгүү жолу» (Стерлитамак ш., Россия Федерациясы, 2015-ж.), II Эл аралык илимий-практикалык конференция «Ааламдашуу контекстиндеги салттуу билимдер» (Биомаданий ар түрдүүлүк борбору КУАУ, 2015-ж.), жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференция «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу көйгөйлөрү» (Кыргыз-Россия Славян университети, 2016-ж.).

Диссертациянын негизги жоболору менен идеялары изденүүчү тарабынан төмөнкү илимий журналдарда жарыяланган: Кыргыз-Россия Славян университетинин жарчысы, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы, окуу-методикалык журнал «Укук жана саясат», Сибирь институтунун жарчысы “Бизнес жана маалымат технологиялары (Омск ш.), эл аралык илимий-практикалык конференциянын макалаларынын жыйнагы (Стерлитамак ш.), Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин жарчысы, илимий мезгилдүү басылма «INSITU» (Уфа ш.). Диссертациянын темасы боюнча он илимий эмгек жарыяланып, изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарын жакшыртууга багытталган сунуштар даярдалган. Диссертация Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридика факультетинин мамлекет менен укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылган жана отурумдарында талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Негизги жоболор, корутундулар жана илимий-практикалык сунуштар он илимий макалаларда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык изилдөө иши киришүүдөн, үч главадан, тогуз параграфтан, корутунду жана практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттар тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүмүндө** диссертациялык эмгектин актуалдуулугу, изилдөө ишинин илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси ачык көрсөтүлүп, максаттары менен милдеттери белгиленет. Жактоого чыгарылып жаткан негизги жоболор белгиленип, аларга негиздеме берилет, изденүүчүнүн жеке салымы, аткарылган иштердин жыйынтыктарын жактыруу, ошондой эле изилдөө ишинин жыйынтыктарын басылмаларга толук чагылдыруу тууралуу маалыматтар келтирилет, диссертациялык эмгектин түзүлүшү сыпатталат.

Үч бөлүмдөн турган «**Кыргыздардын мүлк мамилелеринин тарыхый-укуктук негиздери**» деп аталган биринчи главада кыргыздардын адат укугу боюнча мүлк мамилелеринин пайда болушунун, өнүгүшүнүн жана коргоонун тарыхый-укуктук аспектилери каралат.

«*Мүлк мамилелерин кыргыздардын адат укугу боюнча укуктук жөнгө салуу*» деп аталган биринчи бөлүмдө кыргыздардын кадимки адат укугунда «мүлк мамилелери» түшүнүгү жетишээрлик кеңири колдонулгандыгы белгиленет. Аталган мамилелерди ченем менен жөнгө салуу зарылдыгы алардын социалдык маанилүүлүгү менен түшүндүрүлгөн, себеби мүлк мамилелерин ишке ашыруунун жыйынтыгында адамдардын экономикалык кызыкчылыгы камсыздалган. Ушуга байланыштуу мүлк мүнөзүндөгү маселелер кыргыз бийлеринин курултайларында (күтүүсүз съезд) талкуулана турган маселелерден болуп, ошондой эле тиешелүү булактарда тастыкталганын автор белгилейт.

Кыргыздардын мүлк мамилелери конкреттүү мүлк боюнча – товар мүнөзүндөгү материалдык жыргалчылык (мисалы, малды сатуу-сатып алууда), иштерди аткаруу (дан, тиричилик оокаттарын сатуу-сатып алуу) жана кызматтарды көрсөтүү (мал жаюу), анын ичинде сөзсүз эле буюмга айлана бербеген кызматтар (мисалы, данды ташып берүү, сактоо) боюнча түзүлө тургандыгын кыргыздардын адат укугунун ченемдерине жүргүзүлгөн талдоолор көрсөткөн, анткени бул иштердин жыйынтыктары да товардык формага ээ болушкан.

Автор мүлк мамилелери үчүн мүнөздүү белгилерди бөлүп көрсөтөт:

Катышуучулардын мүлк боюнча өзгөчө абалга ээ болушу, бул мүлккө өз алдынча ээлик кылууга, аны менен катар өзүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыктары үчүн өз алдынча мүлк жоопкерчилигин тартууга мүмкүндүк берет; экономикалык мамилелердин наркы менен кадимки товар алмашууга мүнөздүү болгон эквиваленттүү-акысына алмашуу мүнөзү. Аны менен катар автор бул эрежелерде четтөөлөр болгондугун белгилейт. Булактарды талдап-иликтөөлөр бекер берген мүлк мамилелери болгондугун көрсөткөн (мисалы,

тартуу кылуу, бекер алуу, бирөөнүн мүлкү менен акысыз колдонуу түрүндө туугандык бири-бирин колдоо түрүндө ж.б.). Андан ары мүлк мамилелеринин мүнөздүү белгилери болуп, мамиле түзүүгө катышкандардын тең укуктуулугу жана көз карандысыздыгы, башкача айтканда өз алдынча товар ээлеринен болуу мүмкүнчүлүгү мүлк мамилелерине мүнөздүү белгилерден болуп саналган.

Диссертанттын пикири боюнча мүлк мамилелерине азыркы мыйзамдарга ылайык, укуктун чектеш тармактары менен жөнгө салынган мамилелерди киргизүү зарыл. Мында сөз үй-бүлө, жер, кылмыш жана башка укук мамилелери жөнүндө болуп жатат. Мындай өзгөчөлүктү автор, белгилүү мааниде мүлк мамилелеринин олуттуу белгилери катары кароону божомолдойт.

Кыргыздардын адат укугуна ылайык, мүлктүн белгилүү бир адамда болушу же аны башка адамга өткөрүп берүү фактысы мүлк мамилелеринин пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизи болгон. Ушуга байланыштуу, ошондой эле мүлктүн түрүнө жана формасына жараша мүлк мамилелери төмөнкү топторго бөлүнгөн: *1) буюм мамилелери,* бул тигил же бул мүлктүн таандык болушу, ага ээлик кылуу менен байланыштуу. Буюмга ээ болгон адам ага менчик буюмундай мамиле кылган, башкача айтканда ээлик кылган, өз алдынча пайдаланган, тескеген. Буюмга ээ болгон адам, ошондой эле өзүнүн буюм менен болгон ишине башка бардык адамдардын кийлигишүүсүн четтетүү укугуна ээ болгон. Ага буюмга кам көрүү жана аны күтүү милдети артылган. Эреже катары бул милдет үй-бүлөнүн башчысы, эркек адамга жүктөлгөн. Ал эми үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү үй-бүлө менчигине карата чектелген ыйгарым укуктарга ээ болушкан.

Адат укугу менен жөнгө салынган буюм мамилелери башка бирөөнүн мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө түрүндөгү мамилелерде да болгон (чарба жүргүзүү, ыкчам башкаруу, мурас калган жер тилкесине өмүр бою ээлик кылуу ж.б.);

2) *милдеттенме мамилелери,* бул мамилелердин жардамы менен буюмдун динамикадагы укугу шартталган, башкача айтканда бул мамилелер мүлк жыргалчылыгынын бир адамдан экинчи адамга өтүшү менен жана жарандык укук объектилери менен алмашуу учурунда пайда болгон.

Экинчи бөлүмдө – «Кыргыздардын адат укугу боюнча мүлк мамилелеринин эволюциясы» кыргыздарда мүлк мамилелеринин пайда болуу жана өнүгүү тарыхы каралат. Автор, мүлк мамилелеринин өнүгүшү коомдун саясий-укуктук түзүлүшүнө түздөн-түз көз каранды болгон,- деп белгилейт. Адат укугу өзүнүн ийкемдүү ченемдеринин улам, пайда болгон мезгилинен тартып бүтүндөй өнүккөн мезгили ичинде мамлекетте болгон кандай болбосун трансформацияларга тууралануу менен коомдук мамилелерди жөнгө салууну улантып келет.

Ушуга байланыштуу автор, кыргыздардагы мүлк мамилелерин адат укугу менен жөнгө салуунун пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизги баскычтарын аныктады, алар төмөнкү тарыхый мезгилдерге киргизилген:

1-*баскыч* - Байыркы мезгилдеги жана орто кылымдагы кыргыздарда мүлк мамилелеринин калыптанышы (б.з.ч. III к. – XVI к.); Көрүнүп тургандай, салттуу көчүп-конуу турмуш шартында байыркы мезгилде Орто Азия элдеринде соода мамилелери дээрлик өнүккөн эмес. Аны менен катар соода мамилелерине катышуу муктаждыгы мүлк мүнөзүндөгү айрым бир ченемдердин бар экендигин күбөлөндүрөт.

Товар-акча мамилелеринин өнүкпөгөндүгү кыргыздарда мүлк мамилелерин жөнгө салган адат укугунун бир аз сандагы ченемдерин аныктаган. Аларга төмөнкүлөр кирет: сатуу-сатып алуу, сактоо, ссуда, тартуу, мүлк жана жеке жалдоо келишимдери, *иджара* – жумуш күчүн кадимкидей эле жалдоо, *муката* – алдын ала сүйлөшүлгөн төлөм, *кабала* – катага окшош алдын ала сүйлөшүлгөн тартуу [Нурбеков, К. Кыргыз ССРи мамлекетинин тарыхы жана укугу. [Текст] / К. Нурбеков. – 2-басылышы, стер. –Бишкек: КМУ, 1999. –129-б.]. Келишимдер күбөлөрдүн катышуусунда сөз берүү же ант берүү формасында оозеки түзүлгөн жана намыска негизделген. Байыркы кыргыздарда ачык-айкын мүнөздө билинбеген мүлк мамилелери бар болгондугун бар булактарга жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөн. Бул мамилелер феодалдык укуктун ченемдери менен жөнгө салынган, эреже катары жогорку катмардагы адамдардын кызыкчылыгын коргогон.

Байыркы мезгилдеги жана орто кылымдагы кыргыздардын мүлк мамилелерине мамилелердин төмөнкү түрлөрү кирген: менчик укугу мамилеси, милдеттенме мамилелери, мурас боюнча мамиле, кылмыш мамилелери, менчикти коргоо, жер жана салык мамилелери.

- 2-баскыч – кыргыздардын исламды кабыл алган мезгилинде пайда болгон мүлк мамилелерин жөнгө салуучу адат укугунун ченемдеринин өнүгүшү (XVI-XIX к.);
- 3-баскыч - Россия империясынын курамына кирген мезгил ичиндеги мүлк мамилелеринин өнүгүшү (XIX-XX к.);
- 4-баскыч - Совет мезгили ичиндеги мүлк мамилелерин адат укугу менен жөнгө салуу (1917-1991-ж.). Совет бийлигинин орношунун баштапкы баскычында кыргыз коомчулугундагы коомдук мамилелер совет мыйзамдарынын ченемдери менен катар эле адат укугунун ченемдери менен да жөнгө салынып келген. Шариат дагы Россияда жашаган башка элдердеги адат укугу сыяктуу эле укукка ээ болгон. Мындай жагдай Кыргызстандын элине укук маселелерди чечүү үчүн бийлердин сотуна да, шариат сотторуна да кайрылууга мүмкүндүк берген.

Убакыттын өтүшү жагдай өзгөргөн; совет өкмөтү кыргыздардын бир катар салттуу ченемдерине – калыңга, көп аял алууга, бий менен казылардын сот жүргүзүү иштерине тыюу салган документтерди кабыл алат. Кыргыздардын адат укугунун барымта, сорорат, левират, никенин түрлөрү - бел куда, бешик куда ж.б. сыяктуу институттары сүрүлүп чыгарылган. Убакыттын өтүшү менен коомдук мамиле, анын ичинде кыргыз коомчулугундагы мүлк мамилелери бүтүндөй совет мейкиндигинде

колдонулуучу бир түрдүү эрежелер менен жөнгө салына баштаган.

- 5-баскыч – азыркы мезгилде мүлк мамилелерин жөнгө салуу (1991-жыл - бүгүнкү күнгө чейин). Мүлк мамилелерин жөнгө салган азыркы жарандык укуктун ченемдерине талдоо жүргүзүп жатып, диссертант жарандык укукта кыргыздардын адат укугунун ченемдерине мүнөздүү болгон адеп-ахлактын башталышы бар экендигин белгилейт. Мында сөз абийирдүүлүк, адилеттик, акыл-эстүүлүк жөнүндө болуп жатат. Жалпы адамзат баалуулуктарына негизделген жана адат укугунун тарыхый калыптанган ченемдери кыргыздардын улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ушуга байланыштуу диссертант кыргыз менталитетинин негизин түзүүчү адат ченемдери, элдик үрп-адаттар улуттук укук системасына көбүрөөк калыптандыруучу таасир берүүсү керек деген корутундуга келди.

*«Мүлк мамилелерин кыргыздардын адат укугу боюнча коргоо» деп* аталган үчүнчү бөлүмдө байыртадан бери адат укугунун маанилүү бөлүгүн түзгөн мүлк укуктарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартуу жөнүндө кыргыздардын адат укугунун ченемдери каралат. Ошол эле учурда жоопкерчиликке тартуу тандалма мүнөзгө ээ болгондугу катталган, анткени жогору турган таптын өкүлдөрүнө материалдык жана моралдык зыян келтирген адамдар гана жоопкерчилик тарткан. Мүлк мамилелерин коргоонун бар формаларынын ичинде – юрисдикциялык жана юрисдикциялык эмес деп негизги формаларга бөлүнөт жана талдап-иликтенет.

Кыргыздардын адат укугунун ченемдерин талдап жатып, автор кыргыздардын мүлк мамилелери адат укугу менен бекемделген мажбурлаган мүнөздөгү материалдык-укуктук чараларды түшүндүргөн ар кандай ыкмалар менен корголгонун жана сакталганын белгилейт, бул ыкмалар менен бузулган укуктар калыбына келтирилген, укук бузуучуга таасир беришкен. Мүлк укуктарын коргоонун негизги ыкмалары болуп: өзүн-өзү коргоо; укук бузулганга чейинки абалды калыбына келтирүү; укукту сот менен таануу; укукту бузган же аны бузуу коркунучун жараткан иш-аракеттерди токтотуу; милдеттерди аткарууга мажбурлоо; мүлк-укук мамилелерин өзгөртүү же токтотуу, ошондой эле коргоонун башка ыкмалары саналат.

Экинчи глава «Буюм мамилелерин кыргыздардын адат укугу боюнча жөнгө салуу» буюм укугу боюнча жалпы түшүнүктү жана маңызын, менчик укугун кыргыздардын адат укугунун ченемдери боюнча алуу жана токтотуу негиздерин ачып көрсөтүүчү үч бөлүмдү камтыйт.

2.1-бөлүмдө «*Буюм укуктарын кыргыздардын адат укугу боюнча түшүнүү жана анын маңызы*» кыргыздардын адат укугунун алкагында буюм укук мамилелери олуттуу ролду ойногондугу белгиленет, себеби буюмдун тигил же бул субъектиге таандык экендиги бекитилген жана катталган.

1. Кыргыздардын адат укугунун ченемдерин талдап жатып, автор кыргыздардын адат укугунун ченемдери рим укугунун ченемдерин кайталаган эмес деген корутундуга келген; мүлк мамилелери, анын ичинде буюм мамилелери адат укугунун ченемдери менен жөнгө салынган. Аны

менен катар кыргыздардын буюм укугунун ченемдерин жана азыркы жарандык укукту салыштырып кароодо кыргыздардын буюм укугу азыркы буюм укук мамилелерине мүнөздүү болгон белгилерге ээ болгон деп айтууга авторго мүмкүндүк берген. Биринчиден, буюм укугу аркылуу адамдын буюмга карата мамилесинин юридикалык формасы катталган, башкача айтканда алар белгилүү бир буюмга ээлик кылууну бекемдешкен. Экинчиден, буюм укуктарынын абсолюттук мүнөзү, мындай укук буюмга ээлик кылган адамдын укугун бузбоо жана кийлигишпөө милдети турган бардык адамдардын иш-аракетине таркатылган.

Үчүнчүдөн, кыргыздардын адат укугу мындай укуктун сырткы кол салуудан сакталышын берген. Төртүнчүдөн, кыргыздардын адат укугу боюнча буюм укуктарынын объектилеринен болуп белгилүү гана буюмдар болгон. Буюм укуктарынын субъектилеринен болуп: кыргыз уруусу, эркин жеке адамдар, үй-бүлө түрүндөгү корпорация түрү, коомчулуктар, мечиттер жана мамлекет.

Буюм укуктарынын объектилерин аныктоого өзгөчө көңүл бөлүндү, себеби автордун айтуусу боюнча илимде бирдиктүү айтылган пикир жок. Ушул маселе боюнча айтылган ар түрдүү изилдөөчүлөрдүн маалыматтарын талдап-иликтөө менен автор, мүлк мамилелеринин калыптанышынын ар кандай мезгил аралыгында буюм укуктарынын объектилери болуп, материалдык жана материалдык эмес жыргалчылыктан тышкары адамдар (кулдар), ошондой эле башка адамдардын иш-аракеттери киргендиги жөнүндө айтылган көз карашты колдойт. Ошол эле учурда буюмдар кыймылдуу жана кыймылсыз, бөлүнгөн жана бөлүнгүс, башкы буюмга жана ага таандык буюмга, колдонууга уруксат берилген (адал) жана колдонууга уруксат берилбеген (арам) деп бөлүнгөн.

2.2-бөлүм *«Кыргыздардын адат укугундагы менчик укугу»* кыргыздардын мүлк мамилелеринин алкагында өзгөчө ролду ойноогон менчик мамилелерин укуктук жөнгө салуу маселелерине арналган. Кыргыздарда менчик институтунун өнүгүшүнө бир катар факторлор таасирин тийгизген, атап айтканда: салттуу көчмөн турмуш; кыргыз коомчулугунун түзүлүшү жана анын көчмөн кыргыздарда менчик көз карашынын калыптанышына аткарган ролу; туугандык гана мамилени эмес чарба бирлигин билдирген кыргыз үй-бүлөсүнүн өзгөчө түзүлүшү.

Мүлк мамилелеринин чөйрөсүн жөнгө салган адат-укук ченемдер системасын изилдеп жатып, диссертант анын негизин эки принцип түзгөндүгүн белгилейт: ээлик кылуу укуктарын коомчулук менен жөнгө салуу, өзүнүн чарбасын жүргүзүү үчүн кыргыз коомчулугуна зарыл болгон мүлктү үчүн үй-бүлө менен пайдалануу.

Кыргыздардын менчикти кыймылдуу жана кыймылсыз деп бөлүүсү боюнча окумуштуулардын ар кандай айтылган көз караштары автор тарабынан берилип, аларга талдоо жүргүзүлгөн. Кыргыздардын адат укугунун ченемдерине жүргүзүлгөн талдоодо алып караганда, диссертант мүлк кыймылдуу жана кыймылсыз болуп бөлүнгөн деп болжолдойт, бул түштүк

кыргыздарда мусулманчылык үстөмдүк кылгандыктан жана алар отурукташкандыктан, аларда жерге карата менчик укугу жеке жана вакуфтук болуп колдонулгандыгы кездешет.

Диссертант кыргыздардын адат укугу боюнча жөнгө салынган менчиктин төмөнкү формаларын кеңири карап чыккан: жеке, уруу болуп, үй-бүлө, вакуфтук жана мамлекеттик. Мында менчиктин кеңири тараган формасы болуп, байыртадан бери кыргыздарда белгилүү болуп келген жеке түрү эсептелет, бул малдарга жеке менчик ээлиги бар экендигин билдирген археологиялык маалыматтар менен тастыкталган. Мындан тышкары, аялы тарабынан келген буюмга (сеп) жеке менчик, балдардын жерге болгон үлүшү (энчи) жеке менчиги болгон. Ошол эле учурда автор, кыргыздардын тиричилигинин жана үрп-адаттарынын өзгөчөлүгү менен шартталган жеке менчик формасы жеке үй-бүлө менчигине өткөн, ушундан улам убактылуу мүнөзгө ээ болгон деп белгилейт.

Автор кыргыздарда жерге жеке менчик укугу болгондугу тууралуу окумуштуулардын көз караштарын чагылдырат. Алардын көпчүлүгү көчмөн элдерде жерге менчик укукту жок деп негиздешет. Анын себеби болуп, окумуштуулардын пикири боюнча элдин көчмөн турмушунун образы жана мал чарбачылыгы болгон. Ушуга байланыштуу диссертант, кыргыз элинин тарыхый тажрыйбасы гана жайыт жерлерди жеке менчикке берүүгө тыюу салган азыркы ата мекендик мыйзамдарды иштеп чыгууда эске алынган деп болжолдойт.

Андан ары автор, кыргыздардын адат укугу «тамга» юридикалык белгисин басуу аркылуу мүлккө укукту бекемдөөнү камсыз кылган ченемдерди камтыгандыгын белгилейт, мында тамга белгилери менчик укугундагы объектилерге басылган (жайыттардын чек араларын белгилөө үчүн малдарга ж.б.).

2.3-бөлүм. «Кыргыздардын адат укугу боюнча менчик укугун алууга жана токтотууга негиздер» бөлүмдө автор кыргыздардын адат укугунда жеке менчиктин пайда болуу негиздерин баштапкы жана туунду деп бөлүү жок болгондугун бул азыркы жарандык укук үчүн мүнөздүү экендигин белгилейт. Кыргыздардын адат укугу үчүн өздөрүнө тиешелүү менчик укугун алуу жана токтотуу ыкмалары мүнөздүү болгон. менчик укугун алуунун ыкмалары болуп төмөнкүлөр эсептелген: 1) ээлик кылуу, 2) өстүрүү, 3) табылга, 4) согуш алган олжо, 5) аңчылык, 6) барымта, 7) эскини таап алуу, 8) милдеттүү тартуу, 9) мурас.

Кыргыздардын адат укугу боюнча менчик укугу кандай болбосун мыйзамсыз кол салуудан корголгон. Ошол эле учурда, бул кайсы бир буюм менчик ээсине дайыма таандык болот жана анда сакталат дегенди билдирбейт деп автор белгилейт. Салттуу кыргыз коомчулугу үчүн буюмдун ээлерин алмаштыруу мүнөздүү болгон, бул бир адамда менчик укугун токтотууну жана ошол укуктун экинчи адамда пайда болушун жараткан жарандык мамилелердин жүгүртүлүшүнүн бир белгиси болуп саналган. Албетте, бул буюмдун өзүнө да тиешелүү болгон; аны колдонуу

процессинде буюм өзгөргөн, жок болгон, бул буюмдун ээсинде менчик укугунун токтотулушуна негиз болгон.

Андан кийин автор, белгилүү бир турмуш жагдай – менчик укугун жоготуу менен байланышкан юридикалык фактылар боюнча менчик укугун токтотуунун негиздери (ыкмалары) карайт. Ушуга байланыштуу менчик укугун токтотуу негиздеринин (ыкмаларынын) бир нече топторун бөлүп кароого болот: 1) менчик укугунун *объектисинин жок болушу* менен байланышкан ыкмалар : а) менчик ээсинин буюмду толук колдонуусу (мисалы, азык-түлүк); б) буюмдун өзүнүн жок болушу (кийимдин эскириши ж.б.); в) жапайы айбанаттардын качып кетиши; г) буюмдарды бириктирүү – бир буюмду экинчиге кошуу; 2) менчик *ээсинин жок болушу* менен байланышкан ыкмалар*:* а) менчик ээсинин-жарандын өлүмү же аны белгиленген тартипте өлдү деп таануу; б) юридикалык жакты-менчик ээсин жоюу (бул учурда мүлк башка адамдардын же мамлекеттин менчик укугунун объектиси болгон); 3) *мүлктү ажыратуу боюнча менчик ээси тарабынан бүтүмдөрдү түзүү* менен байланышкан ыкмалар (мисалы, сатып алуу-сатуу, алмаштыруу, тартуу ж.б.); 4) *менчик укугунан баш тартуу - дереликция* менен байланышкан ыкмалар (мисалы, баш тартуу жөнүндө ачык жарыялоо, мүлктү таштоо ж.б.); 5) *мүлктү менчик ээсинен мажбурлап алуу* менен байланышкан ыкмалар (негиздер)*:* а) бийлердин сотунун же башка сот органдарынын чечиминин негизинде *менчик ээсинин милдеттенмеси боюнча мүлктөн өндүрүп алуу*; б) мыйзамга ылайык ошол адамга *таандык болбой турган мүлктү ажыратуу*; в) *барымта,* конфискациядан олуттуу айырмаланат; барымта бул милдеттенмени аткарбагандыктан анын мүлкүн укугу бузулган адам тарабынан тартып алуу дегенди билдирет. Мында мүлк укугу калыбына келе турган адамдын колунда калып турат; г) *реквизиция,* башкача айтканда, жаратылыш кырсыгында, кыйроо, эпидемия болгондо, күтүүсүз кырдаал мүнөзүнө ээ болгон башка жагдайларда мамлекеттик органдардын чечими менен мүлктү акыга алуу. Мүлк жаратылыш кырсыгынын кесепеттерин ж.б. токтотуу үчүн коомдун кызыкчылыгы үчүн алынат; д) *конфискация,* башкача айтканда, укук бузгандыгы үчүн санкция түрүндө бийлердин сотунун чечими менен менчик ээсинен мүлктү бекер алуу; е) *улутташтыруу,* мыйзамдын негизинде ишке ашырылат.

Адат укугунун ченемдерин кылдат талдоо менен диссертант, буюм укук мамилелеринин кыргыздардын мүлк мамилелери системасында маанилүү ролду ойногондугун баса белгилейт. Анын пикири боюнча буюм мамилелери чөйрөсүндөгү кыргыздардын адат укугунун ченемдеринин өзгөчөлүгүнө таасирин тийгизген негизги факторлор болуп: кыргыздардын көчмөн жашоо шарты; уруу-уруу болуп оокат кылуу; жамаат болуп жерге ээлик кылуу эсептелген.

Үчүнчү глава «Кыргыздардын адат укугу боюнча милдеттенме мамилелери» үч бөлүмдөн турат.

Биринчи бөлүм «Кыргыздардын адат укугундагы милдеттенмелер жөнүндө жалпы жобо». Кыргыздардын милдеттенме мамилелерин карап жатып, диссертант адат укугунун ченемдерине ылайык, милдеттенме мамилелери жалпы жана өзгөчө өзгөчөлүктөргө ээ болгондугун белгилейт. Алсак, ал азыркы жарандык укукка мүнөздүү болгон милдеттенмелер жөнүндө жалпы жоболорду камтыган. Ошол эле учурда ал формалдуу укукка тиешелүү болгон абстракттуулук жана айкындык деген мүнөздөргө ээ болгон эмес.

Андан ары автор милдеттенме мамилелеринин пайда болуу негиздерин карайт, тактап айтканда, укуктар менен милдеттердин пайда болушуна, өзгөрүшүнө же токтотулушуна багытталган белгилүү бир адамдардын иш-аракеттери тууралуу түшүнүктү берген *бүтүмдөр* каралган. Кайсы болбосун бүтүмдү мыйзамдуу деп табуу үчүн белгилүү бир шарттарды сактоо зарыл болгондугун адат укугуна жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары көрсөткөн. Ушуга байланыштуу автор тарабынан бүтүмдөрдүн мыйзамдуулугунун төмөнкү шарттары кеңири каралган: 1) бүтүмдүн мазмунунун адат укугунун ченемдерине туура келиши; 2) бүтүмдү түзүүчү адамдын жөндөмдүүлүгү; 3) баарын аңдап билген эрктин болушу; 4) бүтүмдү түзүү формаларын сактоо.

Кыргыздардын адат укугу милдеттенме, башкача айтканда ошол мамилеге катышуучулардын тиешелүү укуктары менен милдеттенмелери толук жок болгон учурда *милдеттенме мамилелерин токтотууну* да караган. Диссертант милдеттенмени токтотуунун төмөнкүдөй негиздерин карайт: төмөнкү топторго бөлүнгөн юридикалык фактылар: 1) катышуучулардын эрки боюнча милдеттенме мамилелерин токтотуу (талаптагыдай аткарылышы, тараптардын эки жактуу макулдугу боюнча, карызды кечүү, компенсация төлөп берүү, новация); 2) катышуучулардын эркине карабастан, милдеттенме мамилелерин токтотуу (аткаруунун мүмкүн эместиги, доонун эскириши, мамлекеттик актынын чыгарылышы, катышуучунун өлүмү). Ошол эле учурда милдеттенме мамилелерин токтотуунун кеңири тараган түрү болуп, талаптагыдай аткарылышы болгондугу белгиленет, анткени мамилелер менен белгиленген максаттарга жетишкен.

Кыргыздардын адат укугу ченемдеринин өзгөчөлүктөрүн белгилеп жатып, диссертант эгерде мураскору бар боло турган болсо, контрагенттин өлүмү милдеттенме мамилелерин токтотууга себеп болбой тургандыгын белгилейт. Себеби кыргыздарда менчик укугунун бир формасы болуп, үй-бүлө менчиги эсептеле тургандыгын диссертант баса белгилейт. Ушул себептен, үй-бүлөнүн бир мүчөсү менен түзүлгөн кандай болбосун бүтүм же келишим үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү менен түзүлгөн келишим катары кароого болот.

Кыргыздардын адат укугунун ченемдери милдеттенме мамилелерин камсыз кылуунун бир бүтүн системасын жана ыкмаларын карагандыгын кыргыздардын адат укугуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр көрсөткөн, бул мындай мамилелердин өнүккөндүгүн жана бир калыпка салынгандыгын күбөлөндүргөн. Ушул себептен, кыргыздарда милдеттенме институту

баштапкы гана абалда болуп, жетиштүү өнүккөн эмес деп айткан айрым изилдөөчүлөрдүн көз караштары диссертанттын пикири боюнча талаш маселелерден болуп саналат. Диссертанттын пикири боюнча адат милдеттенмелердин аткарылышына кепилдик берүүнүн бир бүтүн системасын түзүп турган, кепилдик катары кепил болуу, шерт пул берүү, күрөө коюу жана бирөөнүн мүлкүн кармап калуу иш-аракеттери каралган.

Кыргыздардын адат укугуна шерт пул берүү болгон эмес деген революцияга чейинки изилдөөчүлөрдүн көз карашына каршы чыгуу менен диссертант, шерт пул берүү милдеттенмени камсыздоонун кеңири тараган каражаты болуп саналган деп билдирет, себеби келишим түзүүнүн азыркы бар практикасы тескерисинче түзүлүп жатат деп айтууга болот. Мисалы алсак, үй-бүлө-нике келишимдерин түзүү сыяктуу калың төлөөдө да, сеп берүүдө да тараптар менен алдын ала сүйлөшүлгөн өзүнчө шерт пул берилген.

3.2-бөлүм. «Кыргыздардын адат укугу боюнча келишим милдеттенмелеринин түрлөрү». Кыргыздарда милдеттенмелердин пайда болушуна негиз болуп, негизинен келишимдерди түзүү эсептелген («келишим»), - деп автор белгилейт. Көрсөтүлгөн ченемдер материалдык баалуулуктарды (буюмдардын, акча каражаттардын, белгилүү иштерди аткаруу) орун которуусу менен байланышкан келишим милдеттенмелеринин кыйла жөнөкөй түрлөрүн жөнгө салган. Келишим милдеттенмелеринин көрсөтүлгөн түрлөрүнө: сатып алуу-сатуу, алмашуу, жеке жалдоо, мүлк жалдоо, тартуу (белекке берүү), карызга алуу жана сактоо келишимдери кирген.

Адат укугунун ченемдерине талдоо жүргүзүүнүн негизинде автор, келишимдердин кыйла кеңири тараган түрү болуп: жеке жалдоо; мүлк жалдоо келишими; тартуу берүү келишими; сатуу-сатып алуу келишими; сактоо келишими (аманат) саналгандыгы тууралуу корутунду чыгарат.

Келишим милдеттенмелеринин көрсөтүлгөн түрлөрүнө тыкыр талдоо жүргүзүү диссертантка төмөнкүлөр менен белгиленген өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берди. Биринчиден, кыргыздардын адат укугу келишимдердин бир нече түрүн түзүүнү караган: күбөлөрдүн же кепил болуучу адамдын катышуусунда оозеки, жазуу түрүндө. Келишим түзгөн тараптардын ортосундагы талаш маселени (мисалы, карыз алуу, сактоо) жазуу жүзүндөгү милдеттенменин жана күбөлөрдүн жок болгон шартында сотто кароо учурунда иш жагдайдын тактоо үчүн ант берүү институту каралган. Экинчиден, келишим милдеттенмелери карыз болгон адам аткарууга кудурети болбой калган же жок болгон учурда карызды анын тууганынан өндүрүп алууну камсыз кылган адат укугунун ченемдери менен кепилдик берилген. Үчүнчүдөн, келишимге катышуучунун милдеттенмелерин анын мураскору кабыл алат дегенди билдирген келишимдин укук улантуучу шарты; мураскорлор келишимдин контрагенттеринен болушкан. Төртүнчүдөн, келишим милдеттенмелеринин айрымдары кыргыздардын туугандык мамилелерин бекемдөөдө чоң ролду ойногондугу алардын өзгөчөлүгүнөн болгон (мисалы, тартуу).

3.3-бөлүм. «*Кыргыздардын адат укугу боюнча келишимден тышкаркы милдеттенмелерди жөнгө салуу*». Кыргыздардын адат укугунда келишимден тышкаркы милдеттенмелер катышуучулардын эркинен юридикалык фактылардын жаралышы менен келип чыккан милдеттенме мамилелери катары каралган.

Адат укугунун ченемдерине талдоо жүргүзүп жатып диссертант, келишимден тышкаркы милдеттенмелердин эки түрү болгон деп көрсөтөт: 1) зыян алып келген милдеттенмелер (деликт милдеттенмелери), зыян келтирген адамдын жарандык-укуктук жоопкерчилиги ушундай милдеттенмелерди камтыган. Көрсөтүлгөн милдеттенмелер өз кезегинде адам укугун бузуудан келип чыккан милдеттенмелерге жана башка адамдын мүлк укугун бузуудан жаралган милдеттенмелерге бөлүнгөн; 2) негизсиз баюудан келип чыккан милдеттенме, башкача айтканда зарыл болгон юридикалык негизсиз бир адамдын башка адамдын эсебинен мүлк сатып алуусу же каражат топтоосу.

Автор деликт милдеттенмелеринин келип чыгуу негиздерин: башкалардын жайыт жерлерине, чөптөрүнө, буудай эгилген жана беде талааларына зыян келтирүүнү тегиз карап чыгат. Кыргыз адаты боюнча бул зыян келтирүүлөр келтирилген зыяндын жарымын толуктап берүүнү пайда кылган деп автор белгилейт; ошол эле учурда «зыян келтирилген жердин абалы», үй жаныбарларынын куйруктарын кесүү жана жазага тартуунун башка түрлөрү каралган.

Кыргыздардын адат укугунда негизсиз баюунун натыйжаларын караган ченемдер камтылган. Адат боюнча себилген жерди ак ниет менен кара ниет деп бөлүүнүн ортосунда айырмачылыктар болгон эмес, себеби так чектери ажыратылбаган жерди жалпы пайдаланууда, кетип бара жаткан учурда эгилген жерди таштап, ал жерди кийинки ээлей турган адамга калтырып кетүү адаты бар болгон учурда айырмачылыктарды жүргүзүү кыйын болгон. Бийлердин башка жерди сээп алган иш боюнча жападан жалгыз табылган чечими, нанды нан боюнча тартып албастан, акчалай сыйлык берүү менен жабылган [Гродеков, Н.И. Кыргыздар жана кара-кыргыздар, Сыр-Дарыя областы (юридикалык тиричилик) [Текст] / Н.И. Гродеков. – Ташкент, 1889. – Т.1. № 8 тиркеме. № 11 чечим. – 145-б.].

Турмушка жөндөмсүз адамдарды багып караган адамдардын жоопкерчилиги тууралуу кыргыздардын адат укугундагы ченемдерди талдап-иликтөөгө автор өзгөчө көңүл бөлгөн. Эреже катары, багып карай турган, коркунучтардан сактай турган адамдар турмушка жөндөмсүз адамдын туугандары болгон. Мындай жоопкерчилик «туугандыктын жетинчи муунуна чейин таркатылган»жана турмушка жөндөмсүз адам зыян келтирген же башка адамды өлтүрүп алганда же кырсыктан улам өлгөн учурда пайда болгон. Эреже катары, эки тараптын тең туугандары «өндүрүп алууга гана»дуушар болушкан, ал эми өлгөн адамдын ата-энесине баласын көмүү, жаназасын өткөрүү боюнча чыгашалар төлөнүп берилген («*ас-атау, көр-кебин*»).

Диссертант белгилеп кеткендей, келишимден тышкаркы милдеттенмелердин өзгөчөлүгү кыргыздарда көчүп-конуу турмуш шарты жана адат укугунун өзгөчө мүнөздөрү менен шартталган.

## ТЫЯНАКТАР

Мүлк мамилелерин кыргыздардын адат укугу боюнча жөнгө салуу маселелерин изилдөө диссертантка төмөнкү корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Кыргыздардын адат укугу мүлк мамилелеринин ар кандай түрлөрүн жөнгө салган: буюм, милдеттенме, мурас калтыруу, үй-бүлөө-мүлк жана жер.

Кыргыздардын адат укугу жеке жана коомдук жөнгө салуу чөйрөлөрү деп бөлүп карабагандыктан, мүлк мамилелери диспозитивдүү (мүмкүндүк түзүлгөн) жана императивдүү (катуу талап коюлган) таасир берүү ыкмалары менен жөнгө салынып келген.

2. Мүлк мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө кыргыздардын адат укугунун ченемдерин изилдөө мүлк мамилелеринин өнүгүшүндө 5 негизги баскычты төмөнкү тарыхый мезгилдер менен бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди: 1-баскыч – байыркы жана орто кылым (б.з.ч. III – XVI к.); 2-баскыч – кыргыздардын исламды кабыл алган мезгили (XVI-XIX к.); 3-баскыч – Россия империясынын курамына кирген мезгил (XIX-XX к.); 4-баскыч – советтик мезгил (1917-1991 ж.); 5-баскыч – азыркы мезгил (1991-жылдан тартып – азыркы учур).

3. Кыргыздардын адат укугу мүлк мамилелерин коргоонун ар кандай формалары менен ыкмаларын жөнгө салуучу ченемдерди камтыйт, алардын ичинен негизгиси болуп соттук коргонуу эсептелет. Байыркы мезгилден тартып, бул ченемдер дайыма өнүгүп отуруп, адат укугунун маанилүү бөлүгүн түзгөн.

4. Адат укугунун ченемдери менен жөнгө салынган кыргыздардын мүлк мамилелери системасында буюм укук мамилелери маанилүү ролду ойногон.

Кыргыздардын адат укугу, адатта, буюм укуктарынын төмөнкү түрлөрүн бөлүп караган: менчик укугу; ээлик кылуу укугу; көчмөн турмуш шарты, ата-теги жана кыргыздардын жерди жамаат болуп пайдалануусу менен шартталган өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлгөн жайыт пайдалануу укугу.

5. Кыргыздардын адат укугунда менчик укугун алуунун баштапкы жана туунду ыкмалары ортосунда айырмачылыктарды бөлүп кароо болгон эмес, алардын көпчүлүгү урууга жана улууларды урматтоо принцибине негизделген.

Көчмөн кыргыздардын менчик институтунун өзгөчөлүгү кылымдарга созулган, салттуу көчмөн турмуш шарты менен калыптанып аныкталган.

Кыргыздардын адат укугу менчик укугунун төмөнкү түрлөрү менен формаларын бөлгөн: жеке, жеке, уруу болуп, үй-бүлө, вакуфтук жана мамлекеттик.

Менчик укуктары «тамга» юридикалык белгилерди басуунун жардамы менен бекемделген, белгилер менчикке ээ болгон адамдардын объектилерине басылган.

6. Кыргыздарда жерге ээлик кылуу жамаат болуп жалпы пайдалануу дегенди түшүндүргөн, алар төмөнкүлөр менен мүнөздөлгөн: а) жер менчик укугуна эмес, ээлик кылуу жана пайдалануу укугуна гана берилген; б) жерди жасалма сугаруу менен пайдалануу; в) бир жамааттык экинчи жамаатка жерди ижарага берүүсү; г) жерди үлүштүк пайдага алып пайдалануу.

7. Кыргыздардын адат укугунун ченемдерине ылайык, милдеттенме мамилелеринин пайда болуусуна негиз болуп бүтүм түзүү болгон, бүтүмдүн мыйзамдуу болушу үчүн төмөнкү шарттарды сактоо зарыл: бүтүмдүн мазмунунун адат укугунун ченемдерине туура келиши; адамдын бүтүм түзүүгө жөндөмдүүлүгү; баарын аңдап билген эрктин болушу; бүтүмдү түзүү формаларын сактоо.

Адат укугунун ченемдери бүтүм түзүү формаларына катуу талаптарды камтыган эмес; алар айкын шарттарга көз каранды болуп, ар кандай болгон: оозеки жан жазуу жүзүндө; нотариалдык бекемделген; күбөлөрдүн милдеттүү катышуусунда; кыргыз үрп-адаттары менен коштоосунда.

Милдеттенме мамилелери төмөнкү негиздер боюнча токтотулушу мүмкүн: катышуучулардын эрки боюнча жана алардын эркине карабастан.

Кыргыздардын адат укугунда милдеттенме мамилелерин камсыз кылуу каражаттарынын жана ыкмаларынын бир бүтүн системасы бар болгон, милдеттенме мамилелеринин өнүккөндүгүн жана бир системага салынгандыгын күбөлөндүргөн.

8. Көчмөн кыргыздарда келишим милдеттенмелери өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон, ал төмөнкүлөр менен билинген: келишим түзүүнүн ар кандай формаларынын болушу: оозеки, жазуу жүзүндө, күбөлөрдүн же кепил болгон адамдын катышуусунда; айрым келишимдерди түзүүгө тиешелүү талаш-тартыштарды чечүүдө иштин жагдайын аныктоо үчүн жазуу жүзүндөгү милдеттенме жана күбөлөр жок болгон учурда сотто, тараптар ортосунда ант берүү институтун колдонуу (карыз алуу, сактоо ж.б.); карызкор жок болгон же төлөөгө кудуретсиз болгон учурда туугандарынан карызды өндүрүп алуу шарты таркатылган келишимдердин аткарылышында кепилдик системасынын бар болушу; келишимдин катышуучусунун милдеттенмесин анын мураскорунун кабыл алуусу менен келишим мамилелеринин укук улантуучу өзгөчөлүгү; мураскорлор макулдашуунун контрагенттеринен болушкан.

9. Адат укугунун ченемдери боюнча кыргыздардын милдеттенме мамилелери келишим жана келишимден тышкары милдеттенмелер болуп бөлүнгөн, алар өз кезегинде, башка негиздер боюнча классификацияланган.

Келишимден тышкары милдеттенмелердин өзгөчөлүгү кыргыздарда көчмөн турмуш шарты менен жана адат укугунун өзгөчө мүнөзү менен шартталган.

Кыргыздардын адат укугу боюнча кылмыш жоопкерчилиги менен жарандык-укуктук жоопкерчиликтин ортосун так ажыратуу болгон эмес, себеби сотко чейин тараптарды элдештирүүнүн жол-жоболору кеңири колдонулган, ушуга байланыштуу айрым кылмыш кылган укук бузуулар деликт катарында каралган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Азыркы мыйзамдардын мүлк мамилелери чөйрөсүн өркүндөтүү максатында, кыргыздардын адат укугуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн негизинде иштелип чыккан төмөнкү практикалык сунуштар карооңуздарга сунушталат:

1. Азыркы жарандык мыйзамдарга талдоо жүргүзүү менен мүлк мамилелерине үрп-адаттардын аркасы менен жөнгө салуу тарабына жетиштүү көңүл бурулбай келет деп айтууга болот. Мында мыйзамдардын өзүндө үрп-адаттар менен адаттарды колдонууда кайчы пикирлер кездешет. Ушул себептен Кыргыз Республикасынын Жогорку соту өзүнүн токтомдорунда «иштиктүү иш жүргүзүүнүн адаттары» түшүнүгүн, аны колдонуу практикасын кеңири түшүндүргөн жоболорду чыгаруусу зарыл.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесин эске алуу менен адаттардын жарандык чөйрөдө кеңири колдонулушу үчүн Жарандык кодекстин 4-беренесине жана Жарандык процесстик кодекстин 13-беренесине өзгөртүү киргизүүнү сунуштайбыз. .

- Жарандык кодекстин 4-беренесинин 1-пунктунда «үрп-адатка» аныктама берүү аракети жасалган: *«Ээлик кылуу ишинин кандайдыр-бир жагында калыптанып калган жана кеңири колдонулган, кандайдыр-бир документте жазылгандыгына же жазылбагандыгына карабастан, мыйзамдарда каралбаган жүрүш-туруш эрежелери ишкердүү карым-катнаштардын каада-салты катары таанылат»* - деп аныкталат. Көрүнүп тургандай, мында жөнгө салуучу иштиктүү иш жүргүзүүнүн олуттуу белгилерин ишкердик чөйрөсүндө гана берүү менен чектелген, башка чөйрөнү толугу менен камтыган эмес.

Иштиктүү иш жүргүзүүнү жана башка чөйрөлөрдү караган Казакстан Республикасынын Жарандык кодексинин 3-беренесинин 4-пункту боюнча салыштырып караганда, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин кайра карап чыгуу толук мүмкүн деп эсептейбиз.

3. Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 29-декабрындагы Жарандык процесстик кодексинин 13-беренесине ылайык, «Жарандык иштерди чечүүдө сот тарабынан колдонулган ченемдик укуктук актылар», россия мыйзамдарында каралгандай, жарандык иштерди чечүүдө иштиктүү адат иш алып баруну колдонуу укугун карабайт (Россия Федерациясынын Жарандык процесстик кодекси, 10-берене).

Ушуга байланыштуу Россия Федерациясынын Жарандык процесстик кодексинин 10-беренесине салыштырып караганда, ошондой эле

«Кыргызстан элинин тарыхый үрп-адаттарынан жана салттарынан калыптанган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген адеп-ахлак ченемдерин» өз ишинде колдонууну караган Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 5-июлундагы «Аксакалдар соту жөнүндө» мыйзамынын 2-беренесине ылайык, азыркы Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине адат ченемдери Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан колдонулушун караган ченемди киргизүү сунушталат.

4. Өткөрүлүп жаткан курултайларда азыркы мүлк мамилелерин жөнгө салуучу, анын ичинде мүлк чөйрөсүндө мамилелерди жөнгө салуучу адат укуктарынын ченемдерин андан ары кодекске кабыл алуу үчүн бар болгон адат ченемдерине талдоо жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө маселени көтөрүү сунушталат.

5. Кыргыз Республикасында адам укуктарын чектебеген элдик үрп-адаттар менен салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин ишке ашырылышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Элдик үрп-адаттарды жана салттарды сактоо жөнүндө» мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталат.

**Диссертациялык изилдөө ишинин негизги жоболору автордун төмөнкү макалаларында жарыяланган:**


1. Байгазиева Д.М. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү мүлк мамилелерин жөнгө салуу [Текст] / Д.М. Байгазиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридика институтунун жарчысы. – Бишкек, 2012. №2. – 172-175-б.
2. Байгазиева Д.М. Караханиддер каганатынын саясий түзүлүшү [Текст] / Д.М. Байгазиева // «Эл аралык мамилелер чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын укук саясаты» эл аралык илимий-практикалык конференция материалдарынын жыйнагы. –Бишкек, 2012. - 176-185-б.
3. Байгазиева Д.М. Кыргыздардын адат укугу боюнча мүлк мамилелеринин негизги институттары [Текст] / Д.М. Байгазиева // Укук жана саясат –Бишкек, 2014. №2. –83-86-б.
4. Байгазиева Д.М. Жерге менчик укугун кыргыздардын адат укугу боюнча жөнгө салуу [Текст] / Д.М. Байгазиева // Укук жана саясат –Бишкек, 2014. №2. –86-88-б.
5. Байгазиева Д.М. Кыргыздардын адат укугу боюнча үй-бүлө, мүлк мамилелерин өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрү, XIX кылымдын акыры жана XX кылымдын башы.[Текст] / Д.М. Байгазиева // СИБИТО жарчысы. – Омск, 2014. №3 (11). –37-41-б.
6. Байгазиева Д.М. Милдеттенме кыргыздардын мүлк мамилелерин жөнгө салуу ыкмасы катары [Текст] / Д.М. Байгазиева // КРСУ жарчысы, 15-том, №1. –Бишкек, 2015. –3-7-б.

7. Байгазиева Д.М. Жесирлердин кыргыздардын адат укугу боюнча укуктук статусу [Текст] / Д.М. Байгазиева // КРСУ жарчысы, 15-том, №1. –Бишкек, 2015. – 8-10-б.
8. Байгазиева Д.М. Кыргыздардын милдеттенме мамилелерин адат укугунун материалы боюнча жөнгө салуунун укуктук аспектилери [Текст] / Д.М. Байгазиева // «Жаңы илим: азыркы абал жана өнүгүү жолдору» Эл аралык илимий-практикалык макалалар жыйнагы. –Стерлитамак, 2015. –125-128-б.
9. Байгазиева Д.М. Кыргыздардын адат укугундагы милдеттенме мамилелер [Текст] / Д.М. Байгазиева // КУАУ жарчысы -Бишкек,2015. №3 (35). –176-180-б.
10. Байгазиева Д.М. Кыргыздардын адат укугу боюнча буюм укугу [Текст] / Д.М. Байгазиева // Европа инновациялык өнүгүү фонду. Илимий мезгилдүү басылма «INSITU». -Уфа, 2016. №4. –71-76-б.

# РЕЗЮМЕ

**Юридикалык илимдердин кандидатынын окумуштуулук даражасына талапкерликке 12.00.01 –укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө илимдердин тарыхы адистиги боюнча «Кыргыздардын адат укугу боюнча мүлктүк мамилелерин жөнгө салуу» темасына жазылган Байгазиева Дамира Мамыткановнанын диссертациясына**

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыздардын адат укугу, адат, мүлктүк мамилелер, буюмдук укук мамилелери, милдеттенмелик мамилелер, келишимден тышкаркы милдеттенмелер.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп кыргыздардын адат укуктун ченемдери менен мүлктүк мамилелерин жөнгө салуу процессинде пайда болуучу коомдук мамилелер эсептелет.

**Иштин максаты** – мүлктүк мамилелерди жөнгө салуучу кыргыздардын адат укугунун маңызына жана мазмунуна тиешелүү болгон проблемалык маселелерди комплекстүү тарыхый –укуктук изилдөөнү жүргүзүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** коомдук турмуштун көрүнүштөрүн таануунун жалпы илимий методдору : тарыхий, логикалык, анализ жана синтез түздү. Изилдөөнүн процессинде ошондой эле жеке илимий методдор: салыштырмалуу укуктук, системалуу-укуктук, функционалдык жана башкалар колдонулган.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы.** Диссертанттын иши кыргыздардын демейдеги укук боюнча мүлктүк мамилелерин жөнгө салуунун тарыхий –укуктук аспекттерин комплекстүү изилдөө болуп эсептелет. Мүлктүк мамилелерди өнүктүрүүгө карата айрым жоболорду жана тыянактарды тактоого мүмкүндүк берүүчү , изилденип жаткан проблема боюнча билимдерди кеңейтүүчү жана тереңдетүүчү демейдеги –укуктук ченемдердин жана аракеттеги ата мекендик мыйзамдардын ченемдеринин салыштырмалуу анализи жүргүзүлгөн.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар.** Изилдөөнүн натыйжалары менчик укугуна байланышкан материалдык-укуктук жана процессуалдык маселелерди жөнгө салуучу КР мыйзамдарын өнүктүрүү процессинде, мүлктүк мамилелерден келип чыгуучу жарандык сот өндүрүшүнүн иштери боюнча соттук практиканы жалпылоо учурунда пайдаланылышы мүмкүн. Туюндурмаланган корутундулар жана сунуштар КР мамлекетинин тарыхы жана укугу боюнча, жарандык укук, мамлекеттин жана укуктун теориясы, мүлктүк мамилелердин проблемаларын караган айрым спецкурстар боюнча методикалык жана окуу колдонмолорун иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** КР мамлекетинин жана укугунун тарыхы боюнча илимий изилдөөлөр, мыйзамдарды чыгаруу, укук колдонуу практикасы, КР мамлекетинин жана укугуну тарыхын окутуудагы окуу процесси.

**Резюме**

**на диссертационное исследование Байгазиевой Дамиры Мамыткановны на тему: «Регулирование имущественных отношений по обычному праву кыргызов» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 - теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.**

**Ключевые слова:** кыргыз, обычай, адат, свойство, имущественные отношения, наследование, вещные отношения, право собственности, обязательственные отношения.

**Объектом диссертационного исследования** выступают имущественные отношения кыргызов по нормам обычного права.

**Целью диссертационного исследования** является проведение комплексного теоретико-правового исследования проблемных вопросов, касающихся сущности и содержания обычного права кыргызского народа, регулировавшего имущественные отношения.

**Методы диссертационного исследования:** При проведении диссертационного исследования были использованы общенаучные и специально-правовые методы: системный, исторический, нормативно-логический, сравнительно-правовой, структурно-функциональный, аналитического толкования взаимодействия правовых норм и др.

**Научная новизна диссертационного исследования** заключается в том, что представленное к защите диссертационное исследование является одним из первых специализированных работ, в которой производится комплексное исследование имущественных отношений кыргызов по обычному праву.

**Степень использования материалов диссертационного исследования:**

Представленные в диссертационном исследовании теоретико-правовой анализ, выводы. Практические рекомендации и предложения в развитии обычного права и имущественных отношений могут быть полезными для углубления научного понимания рассматриваемой проблемы, а также могут быть использованы в законодательной деятельности, правоприменительной практике.

**Область применения:** юриспруденция, теория государства и права, история государства и права Кыргызской Республики, наследственное право Кыргызской Республики.

**RESUME**

**of the dissertation by Baigazieva Damira Mamytkanovna on the subject of: «Regulation of property relations according to the Kyrgyz customary law» in support of candidature for legal science degree in the specialty 12.00.01-theory and history of state and law; history of law and state doctrines**

**Key words: the Kyrgyz customary law, adat, property relations, proprietary legal relations, ownership right, legally binding relations, non-contractual obligations.**

**Target of research are public relations arising from the regulation of the Kyrgyz property relations by the customary law**.

**Goal of research** – performance of comprehensive historical-legal survey related to the Kyrgyz customary law essence and content regulating property relations.

**Methodological basis of research is formed of general scientific methods of obtaining knowledge about grassroots phenomenon: historical, logic analysis and synthesis**. During the survey there were also used the specific methods: comparative-legal, structured-system, functional and other methods.

**Obtained results and their novelty**

**The thesis of the candidate for degree represents** comprehensive research of historical-legal aspects regulating the Kyrgyz property relations according to customary law. The comparative analysis of historical-legal norms and regulations of current national legislation was carried out and that permitted to refine some provisions and conclusions related to property relations, to brief-up and increase insight on investigated problem.

**Recommendations for use**

The research results may be used while generalization of actual jurisdiction on civil justice procedure resulting from property relations during the improvement of the KR legislation, regulating the substantive and procedural matters, connected with the property right. The defined conclusions and proposals may be applied while developing the textbooks of methodics and study guides on the KR history of state and law, civil law, theory of state and law, special courses dealing with the problems of property relations.

**Application field:** scientific researches on the KR history of state and law, law making, legislative and regulatory compliance practice, teaching activities on the KR history of state and law.